Жактырылды
ЖАМУнун окумуштуулар кеңеши
токтом № 9
« 23 » 05 2025-ж.

Бекитемин
Б.Осмонов атындагы
ЖАМУнун ректору
_______ К.Ж.Усенов
« 26 » 05 2025-ж.

**2025-2026-окуу жылына "Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети" илимий-билим берүү өндүрүштүк комплексинин Жалал-Абад, педагогикалык, экономикалык-юридикалык жана медициналык колледждерине кабыл алуу эрежеси**

Бул эреже Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралы №53 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдары жөнүндө жобосуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлу №470 токтом бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүчү уюмуна студенттерди кабыл алуунун, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-мартындагы №160 жана жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы №355 "Кыргыз Республикасынын жогорку жана кесиптик орто билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларын бекитүү жөнүндө" токтомдорунун негизинде иштелип чыкты.

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Ушул кабыл алуу эрежеси, "Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети" илимий-билим берүү өндүрүштүк комплексинин (мындан кийин ЖАМУ) кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу окуу жайларына кабыл алууну жөнгө салат. Ошондой эле кабыл алуу эрежесине каралбаган маселелер ЖАМУ тарабынан Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык өз алдынча чечилет

1.2. ЖАМУнун кесиптик орто окуу жайларына (мындан ары – КООЖ) жалпы негизги же жалпы орто билимге жана кесиптик баштапкы билимге(эгерде окутуу мөөнөтү 3-жыл болсо) ээ болгон Кыргыз Республикасынын жарандары, чет элдик жарандар жана Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу же убактылуу жашап жаткан жарандыгы жок тараптар дагы кабыл алынат.

1.3. КООЖго кабыл алуу конкурстук негизде жүргүзүлөт.

Конкурстун шарттары ар биринин билим берүү жаатындагы укугун сактоону жана кесиптик орто билим берүү программаларын өздөштүрүүгө бир топ жөндөмдүү жана даяр болгон тараптарды камсыздоону кепилдөөгө тийиш.

1.4. Адистиктерге келишимдик (акы төлөө) негизде кабыл алуу планы уюштуруучулук-укуктук формасына карабастан, окуучулардын лицензияда аныкталган чектүү контингентинин алкагында ЖАМУда түзүлөт жана Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги менен макулдашуу тийиш.

1.5. ЖАМУ "Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү адистиктерине окутуунун нормативдүү мөөнөттөрүн бекитүү жөнүндө" Кыргыз Өкмөтүнүн 2003-жылдагы 5-ноябрындагы №702-токтомуна ылайык тиешелүү адистиктер боюнча кесиптик орто билим берүү программаларын реализациялоо үчүн шарттары болгондо гана жарандарды окутууга кабыл алууну жарыялоого укуктуу.

1.6. Башка мамлекеттердин жарандарын ЖАМУда окутуу Кыргыз Республикасы катышкан, аныкталган тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин негизинде, ошондой эле билим берүү уюмдарынын ортосунда же жеке жарандар менен түзүлгөн келишимдердин негизинде жүргүзүлөт.

1.7. Медициналык колледжге 11-класстын базасында гана кабыл алынат.

## 2. Кабыл алууну уюштуруу

2.1. Ушул кабыл алуу эрежесине ылайык кабыл алууну уюштуруу үчүн ЖАМУнун кабыл алуу комиссиясы түзүлөт, анын төрагасы болуп ЖОЖдун ректору эсептелет.

2.2. Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы кабыл алуу планын аткарууга, лицензияда аныкталган чектелүү контингентти, ошондой эле КООЖго кабыл алуу боюнча нормативдүү-укуктук актылардын талаптарын сактоого жооп берет, кабыл алуу жана апелляциялык комиссиялардын мүчөлөрүнүн милдеттерин аныктайт, алардын иштөө эрежесин, кабыл алуу жана апелляциялык комиссиялар тарабынан жарандарды кабыл алуу графигин бекитет.

2.3. Кирүү сыноолорун уюштуруп, өткөрүү үчүн сынак жана апелляциялык комиссиялардын курамы кабыл алуу комиссиясынын төрагасы тарабынан бекитилет. Сынак жана апелляциялык комиссиялардын ыйгарым укуктары менен ишмердүүлүк эрежеси ЖАМУнун жетекчиси тарабынан бекитилүүчү алар жөнүндөгү жоболор менен аныкталат.

2.4. Кабыл алуу комиссиясынын ишин жана иш кагаздарын жүргүзүүнү, ошондой эле талапкерлерди, алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) кабыл алууну ЖАМУнун ректору тарабынан дайындалган жооптуу катчы уюштурат. Кабыл алуу комиссиясынын талапкерлиги Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар

министрлиги менен макулдашылат. Бир эле тарап, катары менен эки жылдан ашык жооптуу катчы боло албайт.

2.5. Кабыл алуу комиссиясынын курамы, ыйгарым укуктары жана ишмердүүлүк эрежеси ЖАМУнун жетекчиси тарабынан бекитилүүчү ал жөнүндөгү Жобо менен аныкталат. Кабыл алуу комиссиясынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү бир жылды түзөт.

2.6. ЖАМУга кабыл алууда кабыл алуу комиссиясынын төрагасы жарандардын Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан аныкталган билим алуу жаатындагы укуктарын, кабыл алуу комиссиясынын ишинин айкындуулугун жана ачыктыгын, кирүүчүлөрдүн жөндөмдүүлүктөрүн обьективдүү баалоону, кабыл алууну өткөрүүнүн бардык этаптарында кабыл алуу комиссиясынын жетекчилигине болгон жеткиликтүүлүктү камсыздайт.

2.7. Колледжге кабыл алуу конкурстук негизде жүргүзүлөт. Кабыл алууда ЖАМУ атуулдардын улутуна жана тилине, социалдык абалына, партиясына жана динге болгон ишенимине көз карандысыз билим алуу укугун, Кыргыз Республикасынын Конститутциясынын чегинде коргойт.

2.8. Талапкерлер «Колледжге кабыл алуу эрежеси» менен жана кирүү сынактарынын программалары менен таанышуу укугуна ээ. Колледждерге кабыл алуу комиссиясынын техникалык комиссиясы талапкерлерди керектүү маалымат менен камсыз кылат.

## 3.Жеңилдиктерге ээ болушат:

3.1. Республикалык, облустук олимпиадаларда I, II, III - орундарга ээ болгондор (келишимдик негизде) сынаксыз кабыл алынат.

3.2. Ушул жобонун 3.1. пункту боюнча катталган талапкерлерди студенттикке каттоодо ведомостко «эң жакшы» деген баа коюлат.

3.3. Кирүү сынактарында жетиштүү балл алган төмөнкүлөр конкурссуз катталышат:

- запастагы жана КР Өкмөтү тарабынан бекитилген тартип боюнча жеңилдиктерге ээ болгон аскер кызматкерлери;
- тоголок жетимдер жана ата-энесиз кароосуз калган балдар (18 жаш кошо);
- I жана II топтогу майыптар, Колледждердин адистиктеринде окууга каршы болбогон врачтык-эмгектик эксперттик комиссиянын чечиминин негизинде.

## 4.Документтерди кабыл алуу

4.1. Күндүзгү/сырттан окуу бөлүмдөрүнө абитуриенттерди кабыл алуу жана документтерин тариздөө интернет тармагы аркылуу httrs /2020. edu.gov. kg/ spuz/ Автоматташтырылган маалыматтык системанын жардамы менен жүргүзүлөт

4.2. ЖАМУнун колледждерине тапшырууга конкурска катышуу үчүн төмөнкү документтерди электрондук түрдө тиркөө менен httrs /2020. edu.gov. kg/ spuz/ сайтында өтүнмө бериши керек:

- паспорт же туулгандыгы тууралуу күбөлүк;
- жалпы орто билим жөнүндөгү аттестатты (11-класс), негизги орто билими жөнүндөгү күбөлүктү (9-класс) жана ага карата тиркемелерди;
- аскердик билетин же катталуу күбөлүгүн;
- 3х4 өлчөмүндөгү 6 сүрөт;
- тапшыруудагы өзгөчө укуктарды же жеңилдиктерди (жетим статусун, майыптуулугун ж.б.) тастыктоочу документтерди

4.3. Абитуриенттерди кабыл алуу үч тур менен жүргүзүлөт. **(Тиркеме 2.)**

Ар бир турда абитуриент бюджеттик орунга конкурска катышуу үчүн бир өтүнмө берүүгө жана контракттык негизде окуу үчүн конкурска катышууга бир өтүнмө берүүгө укуктуу. Турларды өткөрүү графиги Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги буйругу менен бекитилет.

4.4.Абитуриенттерди бюджеттик да, ошондой эле контракттык негизде да окууга кабыл алуу учун конкурс орто билими жөнүндө аттестаттын (11-класс) негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүктүн (9-класс) (мындан ары - Билими жөнүндө документ) орточо баасынын суммасы жана конкреттүү адистик үчүн бир профилдик предметтин баасы боюнча, ошондой эле, онлайн тестирлөө өткөрүлгөн учурда анын жыйынтыгы боюнча жүргүзүлөт.

4.5. Медициналык адистиктер боюнча конкурс ЖАМУнун кабыл алуу комиссиясы тарабынан өз алдынча жүргүзүлгөн кирүү сынактарын тапшырууда абитуриент алган баллдардын суммасы жана билими жөнүндөгү документтин жана профилдик предметтин баасы боюнча жүргүзүлөт.

4.6.Чет өлкөлүк жарандар кабыл алуу комиссиясына Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим тууралуу же башталгыч кесиптик билим тууралуу мамлекеттик документтерине эквиваленттүү билими тууралуу документтерин көрсөтүшү керек. Чет өлкөлүк жарандардын документтерине экспертизаны Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жүргүзөт. Билиминин тийиштүү деңгээли жөнүндө Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги берген маалым каты болмоюнча чет өлкөлүк жарандар окууга кабыл алынбайт.

## 5.Кирүү сынактары

5.1.Абитуриенттерди бюджеттик да, ошондой эле контракттык негизде да окууга кабыл алуу учун конкурс орто билими жөнүндө аттестаттын (11-класс) негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүктүн (9-класс) (мындан ары - Билими

жөнүндө документ) орточо баасынын суммасы жана конкреттүү адистик үчүн бир профилдик предметтин баасы боюнча, ошондой эле, онлайн тестирлөө өткөрүлгөн учурда анын жыйынтыгы боюнча жүргүзүлөт.

5.2. Медициналык адистиктер боюнча конкурс ЖАМУнун кабыл алуу комиссиясы тарабынан өз алдынча жүргүзүлгөн кирүү сынактарын тапшырууда абитуриент алган баллдардын суммасы жана билими жөнүндөгү документтин жана профилдик предметтин баасы боюнча жүргүзүлөт.

5.3.Билими жөнүндөгү документтин орточо баасын эсептөө үчүн тиркемедеги баалар өз ара суммаланат жана алынган суммасы бардык предметтердин жалпы санына бөлүнөт, бул суммага профилдик предметтин баасы кошулат. Кесиптик орто билим берүүнүн ар бир адистиги боюнча профилдик предметтердин тизмеси Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги буйругу менен аныкталат.

5.4.Жалпы баллды аныктоо үчүн билими жөнүндөгү документтин орточо баасы жана колледждерге кабыл алуу эрежесинин 1-тиркемесине ылайык профилдик предмет боюнча баа суммаланат. Медициналык колледждерде жалпы баллды аныктоо үчүн, билими жөнүндөгү документтин орточо баасы, профилдик предметтин баасы жана кирүү сынактарынын жыйынтыктары суммаланат. Тиешелүү түрдө жалпы балл канчалык жогору болсо, кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин ранжирленген тизмесинде абитуриенттин рейтинги ошончолук жогору болот. **(Тиркеме 1)**

5.5.Эгерде бир орунга аттестаттын же күбөлүктүн орточо баасы бирдей болгон абитуриенттер талапкер болсо, анда ЖАМУнун кабыл алуу комиссиясы алар үчүн аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен онлайн режиминде кошумча кирүү сынактарын өткөрүүгө укуктуу.

5.6.Абитуриенттердин ранжирленген тизмеси автоматташтырылган маалыматтык системада онлайн режиминде жаңыланып турат.

Жалпы баллды чыгаруу үчүн аттестаттын орточо баллы жана профилдик сабактар боюнча орточо баасы суммаланат. **(Тиркеме 1.)**

Эсептөөнүн натыйжалары ранжирленген тизмеге киргизилет, ал ЖАМУнун сайтына жайгаштырылат. Эгерде талапкердин фамилиясы ушул тизмеде бар болсо, анда ал өзүнүн окууга болгон каалоосун ырастоого тийиш чейин **(Тиркеме 2.)**

Документтери иштелип чыккан талапкерлердин тизмеси күн сайын жаңыртылат.

Турларга документтерди өз убагында тапшыргандан кийин, кабыл алуу комиссиясы талапкердин билими боюнча документтин орточо баллын жана эки профилдик сабактар боюнча орто баллды эсептеп, жалпы баллды көрсөтөт жана эң көп балл алган талапкерлердин тизмелейт.

5.6. Тизме боюнча адистиктерге, пландалган тандоону эске алуу менен кабыл алууга сунушталгандар аныкталат.
5.7. Бирдиктүү талаптардын сакталышын жана аттестаттын орточо баллын эсептөөдө талаш маселелерди чечүүгө, ЖАМУнун Жалал-Абад колледжине жана медициналык колледжине тапшырган талапкерлердин укуктарын коргоону камсыздоо максатында апелляциялык комиссия түзүлөт.
5.8. Контракттык окутуу формасындагы адистиктерге конкурс болгон учурда кабыл алууга сунушталган талапкерлер кийинки турга кабыл алуу боюнча комиссиянын кеңешмесине чейинки мөөнөт ичинде окуу акысынын 50% төлөөгө милдеттүү. Айтылган мөөнөт ичинде төлөнбөсө, бул орундар бош деп эсептелип, кийинки турдун конкурсуна илинет.

## 6.Каттоо

6.1. Каттоо мөөнөтү аяктагандан кийин ЖАМУнун кабыл алуу комиссиясы кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин тизмесин түзөт. Кабыл алууга жалпы баллы дээрлик жогорку болгон абитуриенттер сунушталат.
6.2. Кабыл алууга сунушталгандан кийин 3 күндүн ичинде абитуриент окууга карата келишимге кол коюу аркылуу аталган колледжде окууну каалоосун тастыктоого тийиш, анын формасы Автоматташтырылган маалыматтык системада жайгаштырылат. Контракттык негизде окуу үчүн сунушталган абитуриенттер 3 күндүк мөөнөттүн ичинде окуу үчүн жылдык нарктын 50% кем эмес бөлүгүн төлөөгө тийиш.
6.3.Эгерде кабыл алууга сунушталган абитуриент 3 күндүк мөөнөттүн ичинде аталган колледжде окууну каалоосун тастыктабаса, анда анын орду автоматтык түрдө бош болуп саналат жана ага кийинки турда конкурс жарыяланат.
6.4. Конкурска катышуу үчүн электрондук түрдө берилген документтердин түп нускалары окуу жылдын башында ЖАМУнун кабыл алуу комиссиясына тапшырылат.
6.5.Абитуриенттерди кабыл алуу жөнүндө буйрук акы төлөө факты боюнча жана келишимге кол коюлгандан кийин чыгарылат.
6.6.Берилген документтердин көчүрмөлөрүнүн аныктыгы үчүн жоопкерчиликти абитуриент тартат. Жасалма документтерди берген учурда студент окуудан чыгарылат.
6.7. Колледждерге каттоо кирүү сынактары бүткөндөн кийин же аттестаттын орто баллы менен чогулткан баллы боюнча жыйынтык чыккандан кийин жүргүзүлөт жана 2024-жылдын 30-августуна чейин болот. **(Тиркеме-2)**
6.5.Колледждерге каттоо мамлекеттик үлгүдөгү билими тууралуу документтин түп нускасын алып келүү менен катталат.

## 7. Апелляциялык комиссиясы

7.1. Бирдиктүү талаптардын сакталышын жана аттестаттын орточо баллын эсептөөдө талаш маселелерди чечүүгө, ЖАМУнун Жалал-Абад колледжине жана медициналык колледжине тапшырган талапкерлердин укуктарын коргоону камсыздоо максатында апелляциялык комиссия түзүлөт.

7.2. Апелляциялык комиссиясынын курамына көз карандысыз эксперттер катары билим берүү мекемелеринин башкаруу уюмдарынын өкүлдөрү, талапкерлердин ата-энелери, тиешелүү предметтер боюнча педагогикалык кызматкерлер кириши мүмкүн.

7.3.Талапкер талаш-тартыш боюнча арыз сынак тапшырган күндүн эртеси, жыйынтык чыккан күнү бере алат. Апелляциялык комиссиясы бул күнү жумушчу убакыт бүткөнгө чейин иштейт.

7.4.Аппеляцияны кароо учурунда аттестаттын орточо баллынын тууралыгы гана аныкталат.

7.6.Талаш-тартыштык кароодон кийин комиссия аттестаттын орточо баллынын тууралыгы жөнүндө өзүнүн чечимин чыгарат. Эгерде комиссия мүчөлөрү ичинде кайчы пикирлер жаралса, анда алар добуш беришип, көпчүлүктүн чечими кабыл алынат. Ушул чечим боюнча токтом түзүлүп, талапкерге тааныштырылып, ал кол тамгасын койгондон кийин анын жеке делосуна тиркелет.

## 8. Маалымат менен камсыздоо.

8.1. Студенттерди кабыл алуу шарттары, адистиктер жана бөлүмдөр жарнак түрүндө жарнамаларда жана массалык маалымат каражаттарында жарыяланат.

8.2. Маалыматтарды жеткиликтүү жана өз убагында берип туруу жагы кабыл алуу комиссиясына жүктөлөт

**Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы** **Төлөнов Э.Н.**

**Тиркеме 1**

**Ранжирдеги тизме үчүн жалпы баллды эсептөө формуласы**

Жалпы баллды эсептөө үчүн: **N=M+K**,

мында **N** - жалпы балл **М** - орто билими тууралуу аттестаттын орточо баллы (11-кл.) же негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүктүн (9 - кл.) (мындан ары, аталуучу документ), **К** - конкреттүү адистик үчүн профилдик предметтин баасы

**М**ди эсептөө үчүн:

1) документте көрсөтүлгөн баалардын толук тизмеси түзүлөт;

2) баалар коюлган сабактардын саны эсептелинет;

3) бардык жыйынтыктоочу баалар суммаланат;

4) баа суммасы сабактардын (предметтердин) санына бөлүнөт.

*Мисал:*

*Негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүк (9-кл.):*

| *№* | *Предметтердин аталышы* | *Жыйынтык белгилер* |
|---|---|---|
| *1.* | *Кыргыз тили* | *3* |
| *2.* | *Кыргыз адабияты* | *4* |
| *3.* | *Орус тили* | *4* |
| *4.* | *Орус адабияты* | *4* |
| *5.* | *Математика* | *5* |
| *6.* | *Информатика* | *4* |
| *7.* | *Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых* | *4* |
| *8.* | *Адам жана коом* | *4* |
| *9.* | *География* | *4* |
| *10.* | *Физика* | *4* |
| *11.* | *Химия* | *4* |
| *12.* | *Биология* | *4* |
| *13.* | *Чет тил* | *4* |
| *14.* | *Технология (кол эмгек, черчение жана дизайн)* | *4* |
| *15.* | *Сүрөт-көркөм чыгармачылык* | *4* |
| *16.* | *Музыка* | *5* |
| *17.* | *Дене тарбия* | *5* |

***Үлгү үчүн:***

*Баалардын суммасы (белгилер) =3+4+4+4+5+4+4+4+4+4+4+4+4+4+4+5+5=70*

*Предметтердин саны = 17*

$$\mathrm{M} = \frac{\text{Баалардын суммасы}}{\text{Предметтердин саны}} = \frac{70}{17} = 4{,}11$$

190701 “Транспортто ташууларды уюштуруу жана башкаруу” (ТТУБ) адистиги тандалды. Профилдик предметтер: Математика же физика

| № | Предметтин аталышы | Жыйынтык белгилер |
|---|---|---|
| *5.* | *Математика* | *5* |

*Жалпы баллды эсептөө үчүн* **N=M+K**= 4,11+5= **9,11**

*Демек, ранжирдик тизме үчүн жалпы балл* **9,11**

**Конкурска катышуучу абитуриенттердин ранжирленген тизмеси**

**Ташып жеткирүүлөрдү уюштуруу жана транспортту башкаруу**

Адистик боюнча кабыл алуу планы: 5. Бардыгы катталгандар: 10.

Сунушталды: ___ Тастыкталды:

1-тур. Жыйынтыгында бош орундар: 5. Катталгандар: 10

| | *Аты-жөнү* | **M** | **K** | **N** |
|---|---|---|---|---|
| *1* | *№8 абитуриент* | *5* | *5* | *10* |
| *2* | *№2 абитуриент* | *4,2* | *5* | *9,2* |
| *3* | *№7 абитуриент* | *3,9* | *5* | *8,9* |
| *4* | *№1 абитуриент* | *4,11* | *4* | *8,11* |
| *5* | *№6 абитуриент* | *4,6* | *4* | *8,6* |
| *6* | *№9 абитуриент* | *3,5* | *4* | *7,5* |
| *7* | *№3 абитуриент* | *3,8* | *4* | *7,8* |
| *8* | *№4 абитуриент* | *4,3* | *3* | *7,3* |
| *9* | *№5 абитуриент* | *4,5* | *3* | *7,5* |
| *10* | *№10 абитуриент* | *3* | *3* | *6* |